## Unilateral License to Use Microsoft Software Products in Kyrgyzstan

Microsoft Corporation, or one of its affiliates, grants to non-governmental organizations (each an “NGO”) in the countries identified here a limited, non-transferable, royalty-free right to use Microsoft software products for their organizations’ purposes. This license expires on the earlier of January 1, 2020 or the date the NGO is otherwise licensed under an applicable Microsoft licensing program. For purposes of this license, an NGO shall be as defined here. The Microsoft software products are not licensed for import, export, or resale. No other rights are granted, and warranties and product support are not included in this license. In the event of a conflict between these license terms and those that came with the Microsoft software products, these license terms control with respect to such conflicting terms. An NGO’s use of the Microsoft software products constitutes its acceptance of these license terms.

**A printable Certificate of License is located here. This Certificate of License constitutes evidence of an NGO’s license.**

**Links:**
**Link 1:** The following countries are included: Armenia, Azerbaijan, Belarus, China, Kazakhstan, Kyrgyzstan, Malaysia, Russia, Tajikistan, Turkmenistan, Uzbekistan, and Vietnam.

**Link 2**: For purposes of the Unilateral License to Use Microsoft Software, NGO means all nonprofit or nongovernmental organizations

## Кыргызстанда Микрософт программалык продуктуларын колдонуу тууралуу бир тараптуу лицензия

Микрософт корпорациясы, же анын аффилирленген мекемелеринин бири бул жерде <<Шилтеме 1>> аныкталган өлкөлөрдөгү өкмөттүк эмес уюмдарга (мындан ары алардын ар бири «ӨЭУ») ал уюмдардын максаттарында колдонуу үчүн Микрософт программалык продуктусун чектелген, бирөөгө өткөрүлүп берилбөөчү, автордук акы төлөмүнөн арылтылган колдонуу укугун берет. Бул лицензия 2020-жылдын 1-январына чейин же ӨЭУ башка жол менен Микрософттун тиешелүү лицензиялоо программасы боюнча лицензия алган күндө өз күчүн жоготот. Бул лицензиянын максаттары үчүн ӨЭУ бул жерде <<Шилтеме 2>> берилген аныктамага дал келиш керек. Микрософт программалык продуктуларын импорттоо, экспорттоо же кайра сатуу укугу берилбейт. Бул лицензия колдонуудан башка укуктар бербейт, кепилдик менен продуктуну колдоо бул лицензияга кирбейт. Бул лицензияны берүү шарттары Микрософт программалык продуктусу менен кошо келген шарттарына карама-каршы келген учурда, бул лицензияны берүү шарттары андай келишпестик жараткан шарттардын үстүнөн үстөмдүк кылат. ӨЭУнун Микрософт программалык продуктуларын колдонуусу анын бул лицензиянын шарттарын кабыл алганын түшүндүрөт.

**Принтерден басылып чыгарылуучу лицензия күбөлүгү бул жерде <<Шилтеме 3>>. Бул лицензия күбөлүгү ӨЭУга лицензия берилгендигинин далили болуп эсептелет.**

**Шилтемелер:**
**Шилтеме 1**: Төмөнкү өлкөлөрдү камтыйт: Армения, Азербайжан, Беларус, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Малайзия, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан жана Вьетнам.

**Шилтеме 2**: Микрософт программалык продуктуларын колдонуу тууралуу бир

(NGOs) that operate on a not-for-profit basis and have a mission to benefit the public, whether registered or otherwise recognized by international human rights organizations that could include, but is not limited to, the following:

- providing relief to the poor;
- advancing education;
- improving social welfare;
- preserving culture;
- preserving or restoring the environment;
- promotion of human rights;
- establishment or development of civil society.

For the purposes of the Unilateral License, NGO includes small independent media organizations, including newspapers, independent media, independent journalists, or others that hold a media license, or that are members of a local media association, or are recognized by an international media or press freedom organization.

Ineligible Organizations

The following organizations are not eligible to participate in the program:

- government organizations;
- educational institutions;
- healthcare organizations;
  - **exception:** certain health clinics that provide services for free or on an ability-to-pay basis may be eligible;
- professional sports organizations;
- political parties and candidates, and organizations under their control;

тараптуу лицензиянын максатында «ӨЭУ» деген түшүнүк киреше табуу үчүн эмес иштеген, эларалык адам укуктарын коргоо уюмдарында катталган же алар тарабынан таанылган жана төмөнкүлөрдү камтыган, бирок алар менен чектелбеген коомго пайдалуу миссиясы болгон бардык киреше табуу үчүн эмес иштеген же өкмөттүк эмес уюмдарды (ӨЭУ) түшүндүрөт:

- кедейлерге жардам берүү;
- билим берүүнү алгалатуу;
- социалдык жашоо шарттарын жакшыртуу;
- маданиятты сактоо;
- жаратылышты сактоо же калыбына келтирүү;
- адам укуктарын жузөгө ашырууда жардам берүү;
- жарандык коомду түзүү же өнүктүрүү.

Бир тараптуу лицензиянын максатында ӨЭУ деген түшүнүк өзүнө чакан, көз карандысыз жаңылык уюмдарын, анын ичинде гезиттерди, көз карандысыз маалымат каражаттарын, көз карандысыз журналисттерди же башка массалык маалымат таратууга берилген уруксаттардын ээлери болгон башка уюмдарды, жергиликтүү массалык маалымат каражаттары бирикмесинин мүчөсү болгон уюмдарды, эларалык массалык маалымат каражаты же басма сөз эркиндигин коргоо уюму тарабынан таанылган уюмдарды камтыйт.

Программага катыша албаган уюмдар

Төмөнкү уюмдар бул программага катыша алышпайт:

- өкмөттүк уюмдар;
- билим берүү мекемелери;
- саламаттык сактоо мекемелери;
  - **атайын шарт:** акысыз же дарылануучудан анын төлөө шартына жараша акы алып кызмат көрсөткөн айрым саламаттык сактоо мекемелери катышууга укуктуу.
- профессионалдык спорт уюмдары;
- саясий партиялар жана кандидаттар, алар

- labor or fraternal organizations;
- religious organizations;
  - **exception:** separate charitable entities with a secular community service or project may be eligible;
- international or national news organizations and their affiliates, which have a print circulation and/or broadcast media through any available technologies to a broad international or national audience.

**Link 3**:
http://download.microsoft.com/documents/en-us/corporatecitizenship/unilateral_licenses/certificates/CERTIFICATE OF LICENSE Kyrgyzstan Eng Kyr.pdf

тарабынан контролдонуучу уюмдар;

- эмгек жана боордоштук уюмдар;
- диний уюмдар;
  - **атайын шарт:** дин аралашпаган жамааттык кызматтарды көрсөткөн же ошондой долбоорлорду уюштурган айрым кайрымдуулук уюмдар катышууга укуктуу.
- кеңири эларалык же жергиликтүү аудиторияга колдо бар технологиялардын жардамы менен кайрыла алуучу басма жана (же) эфирдик маалымат каражаттарына ээ болгон эларалык же улуттук жаңылык уюмдары жана алардын аффилирленген мекемелери.

**Шилтеме 3**:
http://download.microsoft.com/documents/en-us/corporatecitizenship/unilateral_licenses/certificates/CERTIFICATE OF LICENSE Kyrgyzstan Eng Kyr.pdf